# Социалдык – гуманитардык илимдер институту


## Институттун тарыхы

Социалдык – гуманитардык илимдер институтунун отуз жылдан ашык тарыхы бар: 1990-ж. КМУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен социалдык саясат факультети ачылган эле, факультеттин деканы болуп философия илимдеринин кандидаты, доцент Авазбек Намазбекович Иваков иштеген. 1991-ж. социалдык-гуманитардык илимдер факультети болуп өзгөрүлүп, факультеттин деканы болуп, философия илимдеринин кандидаты, кийинчерээк, социология илимдеринин доктору, профессор Кубанбек Бектурганович Бектурганов иштеген, 1992-ж. баштап философия илимдеринин кандидаты, азыркы мезгилде философия илимдеринин доктору, профессор Шайлоо Бородоевна Акмолдоева иштеген.

- 1993-ж. аталган факультет философия факультети болуп кайрадан түзүлүп, факультеттин деканы болуп, алгач, философия илимдеринин доктору жана саясат таануу илимдеринин да доктору, профессор Мэлс Табалдыевич Артыкбаев, 1994-ж баштап философия илимдеринин доктору, профессор Асеин Исмаилович Исмаилов, 1995-ж. баштап тарых илимдеринин кандидаты, доцент Жуман Бегиматович Бегиматов, 1997-ж. баштап тарых илимдеринин доктору, профессор Аалыбек Акунович Акунов иштешкен.
- 1996- ж. 29-майда КМУУнун Окумуштуулар Кенешинин чечими менен «Мамлекеттик башкарууну жана саясат илимин стратегиялык изилдөө» окуу борбору ачылган. Биринчилерден болуп Кыргызстанда бул окуу борбору мамлекеттик кызмат жана муниципалдык башкаруу чөйрөсүндө, саясат жана социалдык илимдер боюнча жогорку квалификациядагы адистерди даярдап баштады.

- **Институтка кабыл алуу орто билимдин негизинде төмөндөгү адистиктер боюнча жүргүзүлгөн: “мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу”, “саясат таануу”, “философия”, “психология”, “социология”,“дин таануу”.**
- **2000 - ж. КУУнун Окумуштулар Кенешинин чечими менен институт (ИГУСИ) “Философия жана мамлекеттик башкаруу” факультети болуп кайрадан түзүлдү, факультеттин деканы болуп, алгач, тарых илимдеринин доктору, профессор Аалыбек Акунович Акунов, 2003-ж. баштап 2007-ж. чейин саясат таануу илимдеринин кандидаты, доцент Кундуз Жаманчаевна Базакеева иштеген.**





- 22-июнда 2007 - ж. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окумуштулар Кеңешинин чечими менен (КУУнун ректорунун буйругу №176 9.07.2007-ж.) философия жана мамлекеттик башкаруу факультети Социалдык– гуманитардык илимдер институту деген аталышта кайрадан түзүлүп, институттун директору болуп философия илимдеринин кандидаты, доцент Нурзак Кыштакович Асанбеков дайындалган. 2008-ж. баштап 2010-ж. чейин институттун директору болуп, алгач, педагогика илимдеринин доктору, профессор Искендер Исамидинович Исамидинов, андан кийин философия илимдеринин доктору Эрмек Жолдошбекович Усекеев, андан кийин тарых илимдеринин доктору, профессор Аалыбек Акунович Акунов иштешкен.



Улуттук университет 80 жашта
30 мая 2013

2010-ж. баштап институттун директору, факультеттин деканы кийин кайрадан институттун директору болуп психология илимдеринин кандидаты, доцент Камчыбек уулу Мырзабек эмгектенип келет. Бул аталган институт 2012-ж. баштап Социалдык-гуманитардык илимдер факультети болуп, 2023 - жылдан баштап кайрадан Социалдык-гуманитардык илимдер институту болуп түзүлгөн.

- **Азыркы убакта Социалдык – гуманитардык илимдер институтунда 5 кафедра: «Философия, маданияттын теориясы жана тарыхы», «Социология жана социалдык кызмат», «Жогорку мектептин педагогикасы», «Психология», «Дин таануу жана теология» жана А.Табалдиев атындагы социомаданий изилдөө социологиялык Борбору жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоодо ийгиликтүү өз салымдарын кошуп, иштешип келүүдө. Профессордук-окутуучулар курамында: 10 ашуун - илимдин докторлору, 30 ашуун - илимдин кандидаттары жана тажрыйбалуу, дасыккан окутуучулар эмгектенишүүдө.**

# СГИИ